Изденүүчү **Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын

# БҮТҮМҮ

Эксперттик комиссиянын мүчөсү педагогика илимдеринин доктору, доцент А.С.Мукамбетова: Изденүүчү Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын **«Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)»** деген темадагы диссертациясына карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин (Д13.23.673) профилине туура келет. Изденүүчү Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)» деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иште 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү орто мектептерде кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда окуучулардын кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү боюнча теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**2. Диссертациялык иштин максаты** катары окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндардын жардамы менен өстүрүү жолдорун иштеп чыгуу, эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү жана практикага сунуш кылуу. **Коюлган максаттар диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1. Темага ылайык теориялык, педагогикалык адабияттарды талдоо, үйрөнүү, илимий-усулдук жактан жалпылоо; 2.Дидактикалык оюндардын жардамы менен байланыштуу кепти өстүрүүнүн психологиялык-педагогикалык жана лингвистикалык негиздерин аныкто; 3.Башталгыч класстарда кыргыз тилин

экинчи тил катары окутуу боюнча дидактикалык оюндарды классификациялоо, практикада окуучулардын кебин өстүрүүгө багытталган жолдорду, сабактардын иштелмелерин иштеп чыгып,сунуштоо; 4. Окуучулардын билим деңгээлин аныктоо, ага ылайык кептидидактикалык оюндар аркылуу өстүрүүнүн тыянак-сунуштарын эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү.

Коюлган максатка жетүүдө изденүүчү тарабынан коюлган милдеттер иште бир нече этапта аткарылган, аны аткаруу үчүн тийиштүү каражаттары менен камсыз болгон эксперимент жасоо методдору туура тандалып алынган. Изилдөө жумуштары изденүүчү тарабынан логикалык жактан туура белгиленип, аны эксперимент учурунда жасалган жумуштар толук канааттандырып, максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн ынанымдуу түзө алган.

**Диссертациянын изилдөө объектиси** - окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин экинчи тил катары окутуп, үйрөтүү. Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүүнүн илимий-методикалык негиздери.

**Изилдөөнүн методдору:** изилдөөнүн жалпы педагогикалык, психологиялык, методикалык адабияттарды, документтерди, илимий булактарды талдоо, изилдөө жана жалпылоо; маектешүү, сурамжылоо, интервью алуу, ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын изилдөө; педагогикалык эксперименттин констатациялоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу этаптардын тажрыйбаларын анализдөө жана синтездөө; кыргыз тилин окутууда окуу процессин уюштурууну моделдештирүү; эксперттик баалоо жана диагноздоочу методдор; мугалимдердин иш аракетиндеги тажрыйбаларды байкоо жана жалпылоо ыкмалары колдонулган.

Бул 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Изилденип жаткан проблема кыргыз тилин Мамлекеттик тил катары өнүктүрүүнү талап кылган өлкө саясатына туура келет. Ал кыргыз тилин үйрөнүүчүлөрдүн кебин өстүрүүгө өзгөчө маани берилген кырдаал менен тикелей байланышып, окуучулардын кептин иш-аракеттерин жандандырууга практикалык көмөк көрсөтүүчү мазмунду ишке ашырууну көздөп анын негизинде илимий-методикалык изилдөө иштерин жүргүзүү зарылдыгын ачыкка чыгарган. Мында бир катар карама-каршылыктар бар экендиги аныкталган, алар: 1.Кыргыз тилин окутууда теория менен практиканын ортосунда биримдик сакталбагандыктан, окуучулар сабакта тилди үйрөнүшкөн менен аны практикалык иштерде колдоно албай кыйналышууда, аны жолго коюу үчүн дидактикалык оюндардын аткарган кызматы зор, эгер аны туура колдоно алса;

2.Дидактикалык оюндар окуучуларды кырдаалга жараша сүйлөө эрежелерин иштеп чыгууну толук шарттай алат. Бирок муну окуу процесси толук ишке ашыра албай келе жаткандыктан, түрдүү кырдаалды оюн аркылуу элестетип, турмуштук түрдүү шартта кепти колдоно билүүнүн жол-жобосун түзүү оюнга катышкан окуучулардын бири-бири менен баарлашуусуна, кептик байланыш түзүү жөндөмдөрүн өстүрүүгө жардам бере тургандыгы көпчүлүк учурда эске алынбай келет. Аны окуу процессинде пайдалануу, ык-жолдорун иштеп чыгуу, сабактардын үлгүлөрүн республика боюнча сунуштоо иштери бул проблеманын актуалдуу экенин аныктайт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу**

1.Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутулган сабактарда дидактикалык оюндар окуучулардын кебин натыйжалуу өстүрүү каражаттарынан экендиги аныкталган;

2.Дидактикалык оюндар кеп өстүрүүгө негизделип түрлөргө ажыратылып классификацияланган;

3.Аларды кырдаалга жараша колдонуу максаттары белгиленип, дидактикалык оюндарды сабакта уюштуруу жана өткөрүү жолдору көрсөтүлгөн;

4.Дидактикалык оюндар окуучулардын тилди өздөштүрүү деңгээлине карай окутуунун ык-усулдары сунушталган.

**3. Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

1.башталгыч класстарда кыргыз тилин бөтөн тил катары окутулган сабактарда дидактикалык оюндарды программалык материалдарга айкалыштырып максаттуу түрдө колдонуу аркылуу окуучулардын кебин, сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүргөн шарттардын мүмкүнчүлүгү ачылат.

2. орус мектептеринин башталгыч класстарынын окуучуларынын кыргыз тили боюнча кебин өстүрүүгө көмөктөшүүчү дидактикалык оюндарды колдонуу боюнча педагогикалык механизмдери иштелип чыкканы менен баалуу болуп саналат.

3.окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн I –IV класстарында окуучулардын кыргыз тили боюнча кебинин калыптануусуна оң жана терс таасирин тийгизүүчү психологиялык кырдаалдар дидактикалык оюндардын мазмунунда талдоого

алынып, коммуникативдик компетенциянын калыптануусуна маанилүү роль ойногон шарттай туура бедгиленет.

4.дидактикалык оюндардын окуучунун кебин өнүктүрүүдөгү кызматына карай колдонуу ыкмалары, алар менен иштөө жолдоруна, бул багытта алган окуучулардын билимине карата классификациясы окуу иштерин жакшыртууга ыңгайлуу шарт түзөт.

**4. Диссертацияда изденүүчү чыгарган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**
**1-жыйынтык.** Жарым жартылай жаңы, башталгыч класстарда кыргыз тили бөтөн тил катары окутулган сабактарда дидактикалык оюндарды программалык материалдарга айкалыштырып максаттуу түрдө колдонуу илимий-методикалык жактан толукталган.

**2-жыйынтык.** Жаңы, орус мектептеринин башталгыч класстарынын окуучуларынын кыргыз тили боюнча кебин өстүрүүгө көмөктөшүүчү дидактикалык оюндарды колдонуу боюнча педагогикалык механизмдери иштелип чыккан.

**3- жыйынтык.** Жаңы, окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн I – IV класстарында окуучулардын кыргыз тили боюнча кебинин калыптануусуна оң жана терс таасирин тийгизүүчү психологиялык кырдаалдар дидактикалык оюндардын мазмунунда талдоого алынган.

**4-жыйынтык.** Жарым жартылай жаңы, дидактикалык оюндар окуучунун кебин өнүктүрүүдөгү кызматына карай колдонуу ыкмалары, алар менен иштөө жолдоруна, бул багытта алган окуучулардын билимине карата классификацияланган, анын натыйжалары педагогкаилык эксперименттен өткөн.

**5. Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.** Изилдөөдө сунушталган теориялык жоболор, корутундулар илимий-методикалык сунуштар башталгыч класстарда кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуу процессинде практик мугалимдерге, бул багытта окуу-методикалык куралдарды жазууга кызыккан окумуштууларга, башталгыч класстарда тилди үйрөтүү багытында изилдөө жүргүзгөн окумуштуу-адистерге, ЖОЖдордо башталгыч класстар боюнча кесиптик билим берип жаткан окуу жайлардын студенттерине, бул багытта окуу программаларын иштеп чыгууга, окуу пландарын түзүүгө, атайын жана тандоо курстарын түзүүгө көмөктөшөт.

**6. Диссертациянын материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

- ЖАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
- илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
- сабактар, тренингдер өткөрүлгөн;
- педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

Изилденген тема боюнча илимий-практикалык конференцияларда докладдар жасалган, макалалер жазылган, Улуттук аттестациялык комиссия талап кылган басылмаларда чагылдырылган, педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**7. З. К. Самудинованын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:**

**1 –натыйжа**. Дидактикалык оюндарга таянып кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуу иштерин изилдөө бир катар маселенин башын ачып берүүгө жетишкен, б. а. буга чейин бул багытта изилдеп келген окумуштуулардын көз караштарына азыркы учурдагы абал менен талдоо жасалган. Алардын ичинен маанилүүлөрүн өзүнчө бөлүп, окутуу иштерине кантип колдонсо боло тургандыгына анализ берилген.

**2-натыйжа.** Дидактикалык оюндардын жардамы менен байланыштуу кепти уюштуруунун психологиялык жана педагогикалык негиздери такталган. Анда окуучулардын билим алууга активдешүүсү, оюн аркылуу кабылдоосунун өсүшү, жагымдуу жана жандуу баарлашуунун пайда болушунун негиздери ачылып көрсөтүлгөн.

**3-натыйжа.** Лингводидактикалык негизде оюндардын түрлөрү аныкталып, аларды колдонуу максаттары такталып, окуучулардын кептик ишмердүүлүгүн арттырууда балдардын жаш өзгөчөлүгүнө карай пайдалануу аракеттери системага салынып, сабактардын иштелмелери түзүлгөн. Аларды мектеп практикасына колдонсо болот.

**4-натыйжа.** Изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары жана андан алынган натыйжалар педагогикалык эксперименттен өтүп, алардын мазмунун жалпы орто мектептерге колдонуу үчүн сунушталган.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**

1. Самудинова З.К. Кыргыз тилиндеги таандык маанини орус мектептеринде окутууда дидактикалык оюндардын ролу //КМУУ жарчысы, филология илимдери. – 1998 – 2-чыгарылышы, 1- бөлүм.– 145-150-бб.

2. Самудинова З.К. Обучение киргизскому языку с помощью дидактических игр школьников I - IY классов русской школы // КМУУ жарчысы, филология илимдери.– 1998.– 2-чыгарылышы, 3- бөлүм – 154-162-бб.
3. Самудинова З.К. Орус топторунда кыргыз тилин сахналаштыруу аркылуу окутуу // КМУУ жарчысы, филология илимдери. – 1999 – 2– чыгарылышы, 1-бөлүм – 147-154 бб.
4. Самудинова З.К. Дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын кыргызча кебин өстүрүүнүн ыкмалары //КМУУ жарчысы, филология илимдери. – 2002–ж, 3-4 – чыгарылышы, 1- бөлүм – 273- 278-бб.
5. Самудинова З.К. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында кыргызча кебин фонетикалык оюндар аркылуу өстүрүү // КББА кабарлары, 2013 – №2 (26) – 43-47-бб. ISSN:1694-8106.
6.Самудинова З.К. Башталгыч мектептеги окуу процессинде окуучуларпдын оюн түрүндөгү иш-араекттерин уюштуруунун психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү // КББА кабарлары, 2014 – №3 (31) – 126-130-бб.
7. Самудинова З.К. Понятие игра и ее значение в психологии и в педагогике» //Вестник КРСУ, 2016 – №8, том 16. – С.194 -198. . ISSN:1694-500X
8. Самудинова З.К. Обучение кыргызскому языку как неродному при помощи дидактических игр //Проблемы современной науки и образования, 2016 №10(52) – С.149-153. ISSN:2304-2338
9. Самудинова З.К. Психолого-педагогические особенности игровой деятельности в младшем школьном возрасте //Проблемы современной науки и образования, 2016 – №10(52) – С.147 -151. ISSN:2304-2338.
10. Самудинова З.К. Наш кыргызский Есенин // Русский язык и литература в школах Кыргызстана – 2022– №2 – 26 -41с.
11. Самудинова З.К. Самудинова З.К. Сахналаштыруу аркылуу окутуу.Чыңгыз Айтматовдун "Маңкурт жөнүңдө баяны боюнча / ALATOO ACADEMIC STUDIES/ – 2023.№3. – 129-136-б.
12. Самудинова З.К. Тексттерди дидактикалык оюндар аркылуу өздөштүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде) // ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2023. ISSN: 1694 – 5263.
13. Самудинова З.К. Дидактикалык оюндар аркылуу таандык категорияны өздөштүрүү. (Окутуу орус тилинде жургузулгөн мектептердин башталгыч класстарынын окуучулары үчүн) // ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2023. ISSN: 1694 – 5263.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчөлүштүктөр:**

А) Иштин 1-главасында "дидактикалык оюндар" деген түшүнүккө абдан кеңири аныктама берилген, тагыраак айтканда, чет өлкөлүк окумуштуулардын "оюнга" берген аныктамаларынан (Х.Эбли, Амонашвилли, Дистерверг, Эльконин,

Леонтьев ж.б) шилтемелер өтө жыш берилген,кийин бул шилтемелер антиплагиатта көйгөй жаратып койбойбу деген ой жаралат жана изденүүчүнүн ал шилтемеге берген комментарийи дээрлик жокко эсе.

Б) Изилдөөнүн методологиялык негиздерин үйрөнүүдө Кыргызстандык окумуштуулардын аттары саналып өткөнү менен, ал окумуштуулардын эмгектери тууралуу иштин мазмунунда көрүнбөйт жана пайдаланылган адабияттардын тизмесине да киргизилген эмес.

В) Орус тилинен алынган шилтемелер стилдик жактан туура эмес которулуп калган. (36 -бет). Жогоруда айтылган мүчүлүштүктөр иштин жалпы мазмунуна терс таасирин тийгизбейт. Диссертациялык изилдөө иши башталгыч класстарынын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүүгө арналган кыргыз педагогикасындагы мезгил талабына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин докторлору, кандидаттары ж.б. адистер эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат:**

**Биринчи расмий оппонент** катары адабиятты окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин доктору, доцент М.М. Сыдыкбаеваны сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:

1. Эки баскычтуу билим берүүнүн шартында мамлекеттик тилди окутуу теориясында жана методикасында инновациялап окутуу принциптери. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы, 2017, май.,- 304-306-бб.

2. Языковая компетенция как совокупность знаний и способностей // LXIII Международной научно-практической конференции №4 (61) «Личность, семья и общество: вопросы педагогики и психологии» (Россия, г. Новосибирск, Сибак, 11 апреля 2016 г.- 65-72-бб., Секция: Педагогика высшей профессиональной школы).

3. Совершенствование языковых знаний студентов на основе информационной и культурологической компетентности в условиях

двухступенчатого образования // Проблемы педагогики № 4 (15), Научно-методический журнал, г. Москва, 2016. -28-31-бб.

4. Кесипке даярдоодо кесиптик лексиканын ролу /Современные проблемы социально-гуманитарных наук, Научно-теоретический журнал 2016 № 2 (4) Казань, 34-36-бб.

5. Интерактивные методы формирования языковой компетентности / М. М. Сыдыкбаева // Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии: сб. ст. по материалам XLIX Международной научно-практической конференции «Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии». – № 4(49). Часть 1. – М., Изд. «Интернаука», 2016. – 158-166- бб.

6. Тилдеги коммуникативдүү компетенция - инсандын эркин, кеңири, ийгиликтүү пикир алышуу жөндөмдүүлүгү. Научно-теоретический журнал 2016 № 2 (5) Казань, 24-27-бб.

7. Разбор поучительных выражений как средство закрепления компетентности // Известия Российского государственного педагогического универститета им. А.И. Герцена. 2016.№ 179. стр145-151.8.Дидактические основы обучения кыргызскому языку пакистанских студентов при сопоставлении с языком урду./ Наука и инновационные технологии, (научный и информационный журнал), 2020, №2, (15).

8. Современный этап развития методики преподавания языка. / № 4(9). Июнь-июль 2020 серия «педагогические науки» журнал основан в 2018 г. international scientific journal «global science and innovations 2020: central asia» Nur-sultan, Kazakhstan, june-july 2020.

9. Proverbs with figurative meaning serve educational purposes for young generation. / intf, RNATTONAL CONFERENCE ON PO'IIE& (N) eqlality NN D CULTURES OI RESISTANCE: an INTERDISCIPLINARY appitoaciirsto HL\tanititrsandsocialscinnces, 29th January 2020.

10. Формирование языковых компетенций студентов при обучении кыргызскому языку как второму в высших учебных заведениях в Кыргызстане, «Бюллетень науки и практики» №3 (март), 2023 г.

**Экинчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жороев Ташболот Абдыхайымовичти сунуштайт (13.00.02).

Анын эмгектери:

1.5-6-класстарда кыргыз тили сабагында дидактикалык таркатма материалдарды колдонуу аркылуу традициялык искусствого тарбиялоо // Окутуучулардын XXX илимий теориялык конференциясы. Ош, 1991, 1 б.т.

2.Кыргыз тилин чет элдиктерге үйрөтүүнүн айрым маселелери //Мамлекеттик тидин изилденилиши жана колдонулушу. Республикалар аралык илимий-

практикалык конференция. Ош, 1994, 1.5 б.т.

3.Грамматикалык оюндар сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун каражаты катары //Республикалык илимий-теориялык конференция. Ош, 1994, 1.5 б.т.

4.Кыргыз тилинин фонетикасын окутууда дидактикалык оюндарды пайдалануу // Мамлекеттик тилдин изилденилиши жана окутулушу. Республикалык илимий-теориялык конференция. Ош, 1998, 3 б.т.

5.Кызыктуу кыргыз тили. Ребустар жыйнагы. БасмаОш, 2000, 6.25 б.т.

6.Сынчыл ойлонууну өстүрүү программасынын негизинде кыргыз тили сабагында текст түздүрүү // Труды международной конференции. Ош, 5 б.т.

7.Фонетиканы окутуунун мааниси жана аны окутууда дидактикалык оюндарды колдонуу. БасмаМамлекеттик тилдин изилденилиши жана окутулушу. Республикалык илимий-теориялык конференция. Ош, 2001, 7 б.т.

8.Орто мектептин жогорку класстарында ой жүгүртүү мүнөзүндөгү тексттерди туздүрүүнүн айрым ыкмалары. БасмаМамлекеттик тилдин окутулушу жана изилденилиши. Республикалык конференция. Ош, 2001, 7 б.т.

9.Тууранды сөздөрдү окутууда дидактикалык оюндарды жана окутуунун жаңы стратегияларын колдонуу // Материалы международной научно-практической конференции “Личность и воспитание. Роль образовательных технологий в современной школе”.г.Ош, 2001, 8 б.т.

10.Окуучуларды жазуу ишине көнүктүрүүдө окутуунун жаңы стратегияларын колдонуу //Материалы республиканской научно-теоретической конференции “Актульные проблемы естественных, гуманитарных и технических наук, посвящённых годовщине БатГУ”. Кызыл-Кия, 2003, 6 б.т.

11.Кыргыз тили практикалык курсу // Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген. Бишкек, 2020, 30 б.т.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ж.Баласагын атындагы улуттук университетине караштуу Д. 13.23.673 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу

үчүн изденүүчү Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү» (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында) деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
педагогика илиминин доктору, доцент А.С.Мукамбетова

КАДРЛАР БӨЛҮМУ ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления заключения в ДС Д 13.23.673
22.04.2024г.

КАДРЛАР БӨЛҮМУ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ